УДК 5:619:636

**ИБРАЕВ А. Н.**
*Ж. Баласагын ат. КУУ*
*Кыргызстан, Бишкек*
***Ibraev A.N.***
*J. Balasagyn at. KUU*
*Kyrgyzstan, Bishkek*

# АГРАРДЫК АДИСТЕРГЕ АРНАЛГАН ФИЗИКА КУРСУН ОКУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫНЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

# ОСОБЕННОСТИ ТЕХНОЛОГИИ ОБУЧЕНИЯ КУРСА ФИЗИКИ ДЛЯ АГРАРНЫХ СПЕЦИАЛЬНОСТЕЙ
# FEATURES OF PHYSICS TRAINING TECHNOLOGY FOR AGRICULTURAL SPECIALTIES

***Аннотация***. *Макалада агрардык адистерге физика курсун окутуунун милдети жана максаты каралган. Агрардык адистерге арналган физика курсун жеткиликтүү окутуу үчүн өтүлүүчү материалды ар дайым биологиялык объектилер, андагы практикалык ишмердүүлүктөр жана конкреттүү мисалдар менен байланыштырып өтүлүшү зарыл.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *окутуунун технологиясы, биологиялык объектилер, кесипке багыттап окутуу.*

*Для эффективного обучения курсу физики, посвященные для аграрных специальностей пройденный материал должен быть всегда связан с биологическими объектом, сельским хозяйством практической деятельности в ней, и конкретными примерами.*

***Ключевые слова:*** *технология обучения биологические объекты, профессионально-направленное обучения.*

*For an effective training course, physicists dedicated to agrarian specialties passed material should always be connected with the biological object, the agriculture of practical activities in it, and specific examples.*

***Keywords:*** *technology of learning biological objects, professionally-directed learning.*

Азыркы учурда коомдогу динамикалык процесстер менен жогорку окуу жайларында адистерди даярдоонун сапатынын отртосундагы ажырым айкын байкалат. Жогорку окуу жайдын билим берүү системасы айрым бир өзгөртүүгө эмес, жогоркуу квалификациялуу кадрларды даярдоонун жаңы денгээлин камсыз кыла турган принципиалдуу өзгөртүп түзүүгө, модернизациялоого муктаж. Ал эми айыл-чарба адистерин кесиптик жактан даярдоонун педагогикалык теориясы жана практикасы али күнгө чейин толук изилдене элек.

Эгер биздин темага ылайыкталган изилдөөлөрдүн логикасын карап көрсөк алар төмөнкүдөй удаалыштыкта каралышы мүмкүн: жогорку окуу жайларында жалпы билим берүүчү дисциплиналарды адистикке багыттап окутуу концепциясынын иштелиши; айрым дисциплиналарды, мисалы жалпы физика курсун ар кандай адистикке багыттап окутуунун теориясы жана практикасы ж.б.

Аталган проблеманын биринчи суроосу кесиптик педагогикалык предмети болуп эсептелет. Ал маселени чечүүгө Батышев, А.П.Сейтешев, К.Х.Закирьянов, өз изилдөөлөрүн арнашкан.

Ал эми айыл-чарба кадрларын даярдоодо жалпы физика курсунун мазмунун студенттердин болочок адистикке багыттап окутуу проблемасын изилдеген окумуштуулардын катарына Б.С.Арызханов, Т.К.Кенжебаев, С.Н.Нуркасымова, Б.П.Одияк жана башкаларды кошууга болот. Алсак Б.С.Арзыханов кесипке багытталган окуу китептерин түзүүнүн дидактикалык негиздери деген диссертациялык ишин 1991 жылы Ташкенде илимий доклад формасында жактаган. Анын негизин автордун «Физика курсу», «Биологиялык физика» аттуу окуу куралдары жана физикалык практикумдарды аткаруу боюнча студенттер учун жазылган көрсөтмөлөр түзгөн. Аталган окуу куралдары Союз учурундагы борборлоштурулган программанын негизинде аткарылган

Т.К.Кенжебаев, С.Н.Нуркасымова жана Б.П.Одияхтар болсо техникалык жогорку окуу жайларында физика курсун инженердик кесипке багыттап окутуунун методикалык өзгөчөлүктөрүн изилдешкен. Анда негизинен студенттерди окутуунун формалары жана методдору, инженер-технологторду даярдоонун денгээлдери, техникалык адистигиндеги студенттердин окуу маалыматтарды өздөштүрүүсүнө мониторинг жүргү-зүү маселелери каралган.

Айрым окумуштуулар Р.С.Гарифьянов, М.В.Кузьмина, Н.М.Ничаев, Л.С.Фрейман кесипке багытталган жалпы физика курсун окутуу учурунда студенттерде кесиптик билимдердин жана билгичтиктердин калыптанышы, жаны мазмунду аныктоо менен катар, жаны технологиялык

шарттарды эффективдүү колдонуу аркылуу ишке ашат деп белгилешет. Алардын ою боюнча жогорку окуу жайлардагы окуу-тарбия процессинде мындай калыптандырууну биринчи курста жалпы теориялык курсту үйрөтүү учурунда баштоо зарыл.

Бул адистикти ийгиликтүү өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт, студенттин атайын дисциплиналарды өздөштүрүүдөгү окуу эмгегинин шарты, каражаты, жыйынтыгы катары болочок адистин ийгиликтүү ишмердүүлүгүнө гарант болот.

Жогоруда белгилегендей жалпы физика курсу табигый илимдердин, анын ичинде агрардык илимдердин фундаменталдык негизи болгондугуна карабастан, ал проблемага ушул күнгө чейин атайын көнүл бурулбай келген. Натыйжада агрардык адистерди даярдоо процессинде обьективдүү карама-каршылыктар пайда болгон. Алар: агроинженерлер, зооинженерлер жана ветеринардык врачтардын адистигине зарыл болгон физикалык материалдардын тактал багандыгы жана курстун мазмунуна киргизилбегендиги; кесипке багытталып түзүлгөн физика курсун биохимиялык дисциплиналар менен байланыштырып окутуунун зарылдыгы менен анын методикасынын азыркы учурга чейин илимий негизде иштелип чыкпагандыгы; студенттердин практикалык билгичтиктерин калыптандырууга шарт түзүүчү лабораториялык иштердин , предметтер аралык мазмундагы маселелердин жоктугу жана аларды түзүүнүн, практикага киргизүүнүн технологиясынын иштелбегендиги жана башка.

Агрардык жогорку окуу жайларында физика курсун кесипке багыттап окутуу технологиясын иштеп чыгуу өзүнүн алдына төмөндөгүдөй максатты коёт: агрардык адистикте окуган студенттерди жалпы физика курсунун мазмунун адистикке багыттап окутуунун илимий-технологиялык маселелерин изилдөө жана методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

Агрардык жогорку окуу жайларында физика курсун кесипке багыттап окутуу технологиясынын милдети төмөнкүлөр:

1. Агрардык багыттагы адистерди даярдоо процессиндеги жалпы физика курсунун ордун жана физикалык билимдердин маанисин аныктоо.
2. Агрардык адистикке арналган жалпы физика курсунун мазмунун аныктоого коюлуучу талаптарды иштеп чыгуу жана ар кандай адистикке арналган вариацияланган курсту проектилөө
3. Кесипке багытталган жалпы физика курсун окутууну жакшыртуунун технологияларын ищтеп чыгуу (предметтерди байланыштырып окутуу, атайын лабораториялык иштерди, маселелерди түзүү жана аткаруу) жана аларды окуу процессине киргизүүнүн жолдорун изилдөө.

**Адабияттар**

1. Арызканов Б.С. Дидактические основы создания профессионально – направленных учебных книг. Ташкент – 1991.
2. Нуркасымова Н.С. Методические особенности преподавании профессионально – направленного курса физики в техническом ВУЗе. Алматы – 2000.
3. Белановский А.С. Значение физики для ветеринарии и зоотехники. Москва – 1984.